Токтом №3

6.02.2021-жыл Катышканы-31

Күн тартибинде:

1.II чейректин жыйынтыгы

2.Усулдук бирикмелердин отчёттору

3.2-4-класс окуучуларынын окуу окуу техникасына анализ

Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Женмуратова Гулмира сөз сүйлөдү.

Угулду:

Урматтуу мугалимдер биз өткөн чейректе 560 окуучу менен I чейректи аяктаган болчубуз. Ал эми билим сапаты 41%ды түзгөн. Эми II чейрек боюнча окуучулардын катышуусу, жетишүүсү боюнча маалымат берип өтсөм,чейрек башында 560 окуучу болгон, 29 окуучу келди, 24 окуучу кетти. II чейрек аягында 565 окуучу менен II чейректи аяктадык.

1-класс-124 окуучу

2-класс-131 окуучу

| Классы | Окуучулардын саны | "Эң жакшы" | "Жакшы" | "Орто" | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|
| 3-А класс | 22 окуучу | 2 окуучу-9% | 4 окуучу-18% | 16 окуучу-73% | 27% |
| 3-Б класс | 34 окуучу | 5 окуучу-15% | 9 окуучу -26% | 20 окуучу-59% | 41% |
| 4-класс | 39 окуучу | 4 окуучу-10% | 8 окуучу-20% | 27 окуучу-70% | 30% |
| 3-4-класс | 95 окуучу | 11 окуучу-12% | 21окуучу-22% | 63 окуучу-66% | 34% |
| 5-А класс | 24 окуучу | 1 окуучу-4% | 4окуучу-17% | 19 окуучу-79% | 21% |
| 5-Б класс | 24 окуучу | 2 окуучу-8% | 5 окуучу-21% | 17 окуучу-71 % | 29% |
| 5-В класс | 31 окуучу | 3 окуучу-10% | 10 окуучу-32% | 18окуучу-58% | 42% |
| 6-А класс | 20 окуучу | 2 окуучу-10% | 4 окуучу-20% | 14 окуучу-70% | 30% |
| 6-Б класс | 40 окуучу | 6 окуучу-15% | 7 окуучу-18% | 27 окуучу-67% | 33% |
| 7-класс | 24 окуучу | 3 окуучу-12% | 5 окуучу-21% | 16 окуучу67% | 33% |
| 8-класс | 27 окуучу | 1 окуучу-4% | 11 окуучу-41% | 15окуучу-55% | 45% |
| 9-класс | 25 окуучу | - | 9 окуучу-36% | 16 окуучу-69% | 36% |
| 5-9-класс | 215 окуучу | 18 окуучу-8% | 55 окуучу-26% | 142 окуучу-66% | 34% |
| 3-9-класс | 310 окуучу | 29 окуучу-8% | 76 окуучу-26% | 205окуучу-66% | 34% |

Мектеп боюнча II чейректе билим сапаты 34%ды түздү. Өткөн чейректе 41%ды түзгөн болчу.

Жарыш сөзгө мектептин директору Эрматов А.К. сөз сүйлөдү.

Угулду:

Урматтуу мугалимдер, мына Гулмира эжекенин отчётун уктуңуздар. Өткөн чейрекке салыштырмалуу бул чейректе окуучулардын билим деңгээли төмөндөп кеткен. Эмне үчүн? 5-А класста I чейректе 45%ды түзсө, бул чейректе 21%ды түздү.

Жарыш сөзгө 5-А класстын класс жетекчиси Карабаева Раанагүл сөз сүйлөдү.

Угулду:

Мен быйылкы окуу жылында классты жаңы алдым. I чейректе аралыктан окутуу болгондугуна байланыштуу көп окуучуларды жакшы билбей, мугалимдер да тапшырма беришип, жөнөткөнүнө байланыштуу ушундай болду окшойт. Экинчиден, II чейректе окуучулар мектепке келишип окугандыгына байланыштуу өздөрүнүн

бааларын алды окшойт. Өткөн чейректе ата-энелер жардам беришкен, телефон аркылуу бирөө сабак даярдаса, андан көчүрүп алып да жөнөтүп жаткан учурлар болду. Көбүнүн тапшырмасы окшош болуп жатты.

О.э. ар бир мугалим окуучулардын билими төмөндөп, жогорулап кеткенинайтып өтүштү.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап пед.кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1.II чейректин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын.

Экинчи маселе боюнча эстетикалык-усулдук бирикменин жетекчиси Карабаева Раанагүл сөз сүйлөдү.

Угулду:

Ноябрь айында 7-8-9-класстарда технологтия сабагынын окуу программасы боюнча китеп жок болгондуктан, интернет маалыматтарына көбүрөөк таяндык. Ата-энелер менен окуучулардын сабак даярдоосуна көмөк көрсөтүүсү боюнча иштер жүргүзүлдү.

Декабрь айында ачык сабактарды өтүү пландалып, ачык сабактардын пландары жазылып тапшырылды. Шыктуу жана начар окуган окуучулардын тизмелери такталып, иштер жүргүлдү. Тесттик суроолордун жооптору усулдук бирикменин папкасына салынды. Гороно тарабынан берилген сүрөт сынактары боюнча "СПИДке жол жок" "Адам сатууга каршыбыз" деген темада 7-класстын окуучулары сүрөттөрдү тартышты. "Балаты" майрамын жасалгалоо иштери жүргүзүлүп, куттуктоо иретинде видеороликтер даярдалды. Онлайн режиминде I чейрекке караганда, II чейректе билим сапаты ар бир класста түшүп кетти.

Гуманитардык усулдук бирикменин жетекчиси Каратаева Айпери сөз сүйлөдү.

Угулду:

Ноябрь айында 8-9-класстарынан жазуу иштери алынды.

9-класс. Текшерүү иштин түрү-тест

Мугалими: Каратаева Айпери, билими жогорку, эмгек стажы- 6 жыл.

Класста окуучулардын саны-24.

Катышканы-19

"5"-4 окуучу

"4"-6 окуучу

"3"-9 окуучу

Билим сапаты-41%

Окуучулар көбүнчө " to be" жана "to do" этиштеринен каталарды кетиришкен.

Декабрь айында 6-8-класстарынан жат жазуу орус тилинен алынды.

Мугалими: Мурзалиева Зарина. Билими: жогорку, эмгек стажы: 5 жыл.

Текшерүү ишинин түрү. Диктант.

Темасы: " Беляк и Куница" .

6-Б класс-40 окуучу.

Катышканы-23 окуучу

"5"-11 окуучу

"4"-7 окуучу

"3"-5 окуучу

Билим сапаты-43%

8-класс-28 окуучу

Катышканы-24 окуучу
"5"-10 окуучу
"4"-10 окуучу
"3"-4 окуучу
Билим сапаты-71%

Жат жазуу жазган учурда көбүнчө катар келген үнсүздөрдөн каталарга жол беришкен. Мугалим окуучулар менен көбүрөөк иштөөсү керек.

2020-2021-окуу жылында англис тилинен, орус тилинен олимпиада болуп өттү, төмөндөгүдөй жыйынтыкка ээ болду. Олимпиада 9-класстардын арасында өткөрүлүп, англис тилден 5-А, 5-Б, 5-В класстардан 23окуучу, 6-9-класстардан 12 окуучу катышып, өзгөчө 5-Б класстан Маматалиева Айдай эң жакшы орунга ээ болушту. Ал эми орус тили сагагынан 12ден суроо түзүлүп, ар бир тесттин суроосу 2 балл менен бааланып, эң жогорку балл 23 баллды түзгөн. Мектеп боюнча 7 окуучу 1-орунду, 8 окуучу 2-орунду ээлешти. Жыйынтыгында англис тилден 9-класстын окуучусу АкимоваАксана 22 балл менен, 8-класстан Алимбекова Т., Садирбекова А. орундарга ээ болушту. Орус тилинен 9-класстан Исламбекова Д., 8-класстан Самидинова А. 24 упай менен шаардык олимпиадага катышууга мүмкүнчүлүк алды.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикменин жетекчиси Маккамбаева Ф.сөз сүйлөдү.

Угулду:

2020-2021-жылдын 16-ноябрь күнү мектеп ичинде 5-9-класстарда кыргыз тилинен олимпиадаболуп өттү. Олимпиаданын жыйынтыгы төмөндөгүдөй көрсөткүчкө ээ болду.

| № | Окуучуларданыаты-жөнү | Классы | Упайлардын саны | Алган орундары |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Исаков С | 5-А | 13 упай | 1-орун |
| 2. | Дженбаев М | 5-А | 10 упай | 2-орун |
| 3. | Зиядинов Б | 5-А | 9 упай | 3-орун |
| 4. | Деханбаева А | 5-В | 14 упай | 1-орун |
| 5. | Замирбекова Д | 5-В | 12 упай | 2-орун |
| 6 | Курмушева А | 5-Б | 12 упай | 2-орун |
| 7. | Таширбаева Ж | 5-Б | 11 упай | 3-орун |
| 8. | Касымова А | 5-Б | 11 упай | 3-орун |
| 9. | Жолдошова М | 6-А | 15 упай | 1-орун |
| 10 | Исламидинов Н | 6-А | 11 упай | 2-орун |
| 11. | Патилиллаев Н | 6-Б | 10 упай | 1-орун |
| 12. | Бөрүбаева Б | 6-Б | 8 упай | 2-орун |
| 13. | Эрматова Ш | 6-Б | 9 упай | 3-орун |
| 14. | Абакиров А | 7-кл | 13 упай | 1-орун |
| 15 | Абакирова К | 7-кл | 12 упай | 2-орун |
| 16 | Абдышова А | 7-кл | 11 упай | 3-орун |
| 17 | Алимбекова Т | 8-кл | 18 упай | 1-орун |
| 18 | Самидинова А | 8-кл | 16 упай | 2-орун |
| 19. | Ташова М | 8-кл | 16 упай | 2-орун |
| 20. | Садирбекова А | 8-кл | 13 упай | 3-орун |
| 21. | Сарыева А | 9-кл | 17 упай | 1-орун |
| 22. | Токторбаева Ж | 9-кл | 13 упай | 2-орун |
| 23. | Орунбаева Б | 9-кл | 12 упай | 3-орун |

4-декабрь "Манас" күнүнө карата 30-ноябрдан 4-декабрга чейин "Манас кыргыз рухунун туу чокусу" аттуу жумалык болуп өттү.

30-ноябрь күнү "Манас тарыхый инсан" аттуу темада жумалыктын ачылышы болду. Кыргыз тили жана адабияты мугалими Кыпчакова Аширкан доклад окуп, окуучуларга түшүнүк берип кетти. Манас күнүнө карата "Айкөл Манас бабабыз" аттуу темада Манас атабыздын баатырдыгын даңазалоочу сүрөт сынагы болуп, ага 4-9-класстын окуучулары активдүү катышты.

1-орун 9-класс

2-орун 8-класс

3-орун 7класс

О.э. Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата 7-декабрдан 11-декабрга чейин "Чыңгызым менин жылдызым" аттуу темада жумалык өтүлдү. 8-декабрда сүрөт сынагы болуп өттү, ага 5-9-класстын окуучулары активдүү катышып, төмөндөгүдөй жыйынтыкка ээ болушту:

1-орун 9-класс

2-орун 8-класс

3-орун 7-класс

9-декабрь күнү "Улуттук тилим-кыргыз аалам сүйгөн Чыңгыз" аттуу темада китепканачы Садирова Алтынай эжеке китеп көргөзмөсүн уюштуруп, окуучуларга улуу жазуучу тууралуу кенен маалымат берди. О.э. 10-декабрь күнү жазуучунун чыгармаларынан сахналаштырылган көрүнүш көрсөтүштү. Өзгөчө 9-класс менен 5-Б класстын окуучулары жогорку деңгээлде даярданып келишкен.

1-орун 9-класс "Биринчи мугалим" чыгармасынан көрүнүш коюшту. Сарыева Айтунук Алтынайдын ролун өтө чеберчилик менен аткарды.

2-орун 5-Б класс "Саманчынын жолу" повестинен үзүндү аткарышты.

11-декабрда "Чынгызым менин жылдызым" аттуу жумалыктын жыйынтыгы чыгарылып тапшырылды. О.э. декабрь айында окуучулардын жумушчу дептерлери текшерилди. Мугалимдер окуучулардын кол жазмасына, сырткы жазылган induction дарektерин карап чыгуулары керек. коюлган пландардын баары аткарылды.

Табигый усулдук бирикменин жетекчиси Токурова Наринса сөз сүйлөдү.

Угулду:

Биздин усулдук бирикменин иш планы боюнча математика сабагынан 5-9-класстарынын айлампа дептерлери текшерилди. Математика мугалими Боркобаева Г. окуучулардын №1, 2 жана текшерүү иш дептерлери бар, бирок толук эмес. Аралыктан окуу учурунда толукталбай калган дептерлер толукталууда. Текшерүү учурунда 9-класстын кээ бир окуучуларынын дептерлери жок болуп чыкты. Мугалим тарабынан жардам көрсөтүлүп, айлампа дептерлер толукталды. Мугалим тарабынан текшерилип, баалар коюлуп турат,№3 текшерүү иш дептерлеринде чейректик иштери алынган. Убагында текшерилип, баалар журналга коюлган.

Биздин бирикме да мектеп ичиндеги графиктин негизинде олимпиада өткөрдүк.

биология, чимия-5-9-класстар 4.12. Токурова Н.

Математика-5-9-класстар 7.12. Боркобаева г.

География-5-9-класстар 8.12. Туманов К., Токурова Н.

Физика, информатика-5-9-класстар 9.12. Мурзакулова А.

Олимпиадага окуучулар өтө активдүү катышыты. Олимпиада жазуу түрүндө өткөрүлдү. Предметтик тесттик суроолор жана текшерүү иштер аткарылды. Катышуунун негизинде окуучулар өз билимдерин сынай алышты. Билимине, жөндөмдөрүнө карай орундарга ээ болушту. Алдыңкы орундарга ээ болгон окуучулар: математика сабагынан 9-класстын окуучусу Ташполотова А., биологиядан Маширапова У., Исламбекова Д. шаардык мектептер арасындагы өтүлүүчү олимпиадага катыша турган болушту.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап пед.кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2.Усулдук бирикмелкрдин отчёту канааттандыраарлык деп табылсын.

Үчүнчү маселе боюнча башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин жетекчиси Садирова А. сөз сүйлөдү.

Угулду:

Ноябрь айында онлайн сабактар болгондугуна байланыштуу 4-класстын мугалими Идирисова Миргүл эжеке онлайн режиминде чтениядан сабак өттү. Сабакка Гүлзада эжеке менен Алтынай эжеке катышты. Сабак азыркы талапка жооп берет. Сабакка окуучулар кызыгуу менен жооп берип жатышты. Мугалим жогорку деңгээлде сабак өттү. О.э. ноябрь айында 4-класстын жарымы онлайн режиминде сабак өтүлүп жаткандыгына байланыштуу күндөлүктөрүн текшерүү бар болчу. Январь айына калтырылды. О.э. 2-4-класстардын окуу ылдамдыгын текшерүү боюнча анализдөө болду. 4-2-класстын мугалимдери окуу ылдамдыгы боюнча маалымат беришти.

| Классы | Окуучулардын саны | Мугалими | Нормадан ашык | Нормада | Нормага жетпейт |
|---|---|---|---|---|---|
| 4-класс | 34 окуучу | Идирисова Миргүл | 6 окуучу | 16 окуучу | 12 окуучу |
| 2-А класс | 19 окуучу | Пайзилдаева Зубайда | 6 окуучу | 6 окуучу | 7 окуучу |
| 2-Б класс | 31 окуучу | Калыкова Жылдыз | 6 окуучу | 24 окуучу | 4 окуучу |
| 2-Д класс | 29 окуучу | Жээнбекова Элиза | 8 окуучу | 11 окуучу | 10 окуучу |
| 2-Г класс | 26 окуучу | Медербек к. Чынара | - | 7 окуучу | 19 окуучу |
| 2-В класс | 28 окуучу | Турдуева Дарья | 3 окуучу | 6 окуучу | 14 окуучу |

Жогорудагыларды угуп, талкуулап пед.кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

3.2-4-класс окуучуларынын окуу ылдамдыгы канааттандыраарлык деп табылсын.

Мектептин директору: Эрматов А.К.

Катчы: Сайпидинова У.М.